**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**НАРЫН ОБЛУСУ**
**ЖУМГАЛ РАЙОНУ**
**КУЙРУЧУК-КЫЗАРТ**
**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ЖУМГАЛЬСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**КУЙРУЧУК-КЫЗАРТСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Куйручук-Кызарт айыл аймагынын айылдык кеңешинин II-чакырылышынын**
**IV-кезектеги сессиясынын**
**Токтому №7/8**

2025-жылдын 11-сентябры Жаңы-Арык айылы

**Жумгал райондук мамлекеттик салык кызматынын зоналык коэффициенттерди бекитүү тууралу сунушун кароо жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамынын 34-беренесин жетекчиликке алып,Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 388 жана 404-беренелерине ылайык, Жумгал районунун мамлекеттик салык кызматынын 07.07.2025-жылдагы №09-01-1-10-01/470 катынын негизинде Куйручук-Кызарт айыл аймагындагы турак эмес имараттар, курулмалар жана жайлар, калктуу конуштагы жана айыл чарба багытындагы эмес жерлерге зоналык коэффициенттерди (Кз)=1,2 бекитүү боюнча карап чыгып жана талкуулап, Куйручук-Кызарт айыл аймагынын айылдык кеңеши, **токтом кылат:**

1. Куйручук-Кызарт айыл аймагындагы турак эмес имараттар,курулмалар жана жайлар,калктуу конуштагы жана айыл чарба багытындагы эмес жерлерге зоналык коэффициенттер (Кз)=1,2 болуп бекитилсин;

2. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Куйручук-Кызарт айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы К.Э.Жусуповго милдеттендирилсин.

**Төрага** **Уланбек уулу Жыргалбек**